Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** аталыштагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишине илимий жетекчинин

**ПИКИРИ**

**Изилдөөнүн тематикасынын актуалдуулугу:** Эгемендүүлүккө ээ болуу менен Кыргызстанда жыйырма жылга жетип-жетпеген орто кесиптик билим берүүчү окуу жайы катары колледждердин ачылып, алардын жалпы саны 150гө чукулдап, 100гө жакын адистерди даярдап, окуучулардын жалпы саны 100 миңге жеткени белгилүү. Кесипке даярдоонун бул баскычы өзүнүн ийкемдүүлүгү, натыйжалуулугу менен коомчулукта колдоо таап, колледждерде билим алууга умтулгандардын саны улам өсүп жаткандыгы да маалым.

Колледждерде кайсы кесипке даярдалбасын анда окутулуучу предметтердин милдетүү түрдө жана негизги предмет катары кыргыз тили окутулуп келет. Мында кыргыз тили, бир жагынан орто мектептин программасына жакындашса, экинчи жагынан, орто кесиптик билим берүүнүн окуу пландарынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

М.А.Кашкариеванын бул диссертациялык иши аталган проблемага арналгандыгы менен **актуалдуулукка** ээ.

Алынган натыйжаларынын илимий жаңылыгы менен практикалык мааниси изденүүчүнүн маселеге байланыштуу лингвистика психология жана

педагогика илимдериндеги соңку жетишкендиктерине таянуу менен коммуникативдик компоненттүүлүккө негиздеп окутуунун технологияларын кыргыз тилин окутууга коюлуп. жаткан азыркы талаптарына ылайык иштеп чыккандыгы менен түшүндүрүлөт.

Иш салттуу түзүлүштө үч главага бөлүштүрүлүп аткарылды. Иште логикалык ырааттуулук талап кылынган маселелер толук камтылып, алар боюнча изденүүчүнүн жеке тыянактары менен сунуштары берилди.

М.А Кашкариеванын аталган темада иштеген диссертациялык иши өз алдынча иштелген, толук бүткөрүлгөн жана көрсөтүлгөн талаптарга жооп берген жекече эмгек катары коргоо алдындагы талкууларга сунуш кылынат.

Илимий жетекчи, п.и.д., профессор Ж.А.Чыманов

Кол тамгасын тастыктайм:

КБ башчысы: Курманова Н.Т.